Байлыгыңды ким иштетет, бурадар?

# “Алтынкен” Кеминдин өнүгүшүнө өбөлгө болууда

Турусбек СОЛТОБАЕВ,
“Кыргыз Туусу”

**Кыргызстандын кен байлыктары иштетилсе экономикабыз алдыга жылып, турмушубуз оңолоруна бардыгыбыздын аң-сезимибиз жетип турат. Акыркы эки жылдан бери “Кумтөр” кенине, аны иштеткен канадалык инвесторлорго байланышкан митинг-пикет улам бир аймакта от алып, эми күлү качан өчөөрүн бир да серепчи, көзү ачык так айтып бере албайт. “Кыргыз Туусу” гезити республикадагы кен байлыктарын иштеткен инвесторлор тууралуу окурмандарды тааныштырып турууну туура көрүп, алгач Кемин районундагы “Алтын-кен” жоопкерчилиги чектелген коому тууралуу макалабызды жарыялоодобуз. Биздин пикирибизче бул ишкана жайгашкан аймактын жашоочулары өзүлөрү кызыккан көптөгөн суроолорго жооп алууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Дегеле Кыргызстандын келечеги үчүн бышып-күйгөн айрым окурмандарыбыз үчүн да бул маалыматтар артыкбаш жүк болбойт деп ойлойбуз.**


“НУРМЭЭАЙСА” балдар үйүнө компаниянын белектери

## “Алтынкендин” ээси – кытайлык өнөктөштөр

*Жоопкерчилиги чектелген “Алтынкен” коому негизинен Кемин районунун аймагында жайгашкан “Талды-Булак сол жээк” кенин иштетет.*

Алгач бул кен Совет мезгилинде 1963-жылы кыргыздын геологдору тарабынан ачылып, 1973-жылдан баштап геологиялык изилдөөлөр жүзөгө ашырыла баштаган. 1983-жылдан бери кендин корун аныктоо боюнча изилдөөлөр жүргүзүлүп, мында алтын 77,6 тоннаны түзөөрү аныкталган. Болжол менен иштетилүүчү катмардын көлөмү 13,3 млн. тоннага жетээри да белгиленген.

Рудада негизинен кварцтын компоненттеринен туруп, алтынды бөлүп алуу көп кыйынчылыктарды жаратат. Буга чейин кенди иштетүүнү каалаган инвесторлорду жер кыртышынын татаалдыгы чочутуп, баш тартууга мажбур кылганы да белгилүү. “Алтынкен” ишканасы 2006-жылдын апрель айында түзүлгөнү менен 2011-жылдын сентябрь айынан бери гана курулуш, инфратүзүмдөрдү даярдоо жумуштары башталды. Кытайлык “Цзыцзинь” тоо-кен иштетүү корпорациясынын филиалы “Суберб Пасифик лимитед” компаниясы аркылуу аталган кендин 60 пайыз үлүшүн сатып алган. Калган 40 пайыз үлүшү Кыргызстандын “Кыргызалтын” акционердик коомуна таандык. “Алтынкен” коомунун башкы кеңсеси Кемин районундагы Орловка шаарчасында жайгашып, бүгүнкү күндө курулуш, чалгындоо, изилдөө жумуштарында 1200 адам иштейт. Кытайлык инвесторлор кенди өздөштүрүүгө 210 млн. доллар жумшоону пландаштырууда, комбинат ишке киргенден кийин ал суткасына 2500 тонна руда иштетүүгө кубаттуулугу жетет. Ал эми бир тонна рудада 5,8 грамм алтын бөлүнүп чыгаары да такталган.

## Инвестор Кытайдагы ири компаниялардын бири

*Албетте, ар бир кыргызстандыкты элибиздин байлыгын иштетүүнү, анан пайда табууну көздөгөн инвестор тууралуу маалыматтар кызыктырат.*

“Цзыцзинь” – тоо кен иштетүү группасы улуу Кытайдагы эң ири алтын иштеткен ишканалардын бири. Ошондой эле башка кендерди: жез, цинк өндүрүүдө да алдыңкы орундарда турат. Өзүнүн экономикалык, техникалык мүмкүнчүлүктөрү менен дүйнөгө жакшы таанымал. 2011-жылдын декабрь айына аталган группанын бардык активдери 8,3 млрд. долларды түзөөрү аныкталган. Кытай Эл Республикасында өндүрүлгөн бардык алтындын 9,48 пайызы бул компанияга таандык болгону өнүгүп бараткан ишканалардын катарына кирээрин кабарлап турат. Компаниянын Кытайдын 20 провинцияларында жана 8 чет өлкөлөрдө филиалдары бар.


Кызыл-Октябрь айыл өкмөтүнө экскаватор берилди

## Келишим аймактын өнүгүүсүнө кепил болот

*“Алтынкен” кен жайгашкан аймактын тургундары менен алака түзүлгөндө гана иштин жемиши болоорун жакшы түшүнөт.*

2012-жылдын ноябрь айында Кемин районунун ошол кездеги акими Умар Изабаевдин демилгеси менен райондун мамлекеттик администрациясы, Орловка шаар мэриясы Чым-Коргон, Кызыл-Октябрь, Жаңы-Алыш айыл аймактары, жергиликтүү кеңештери, Геология жана минералдык ресурстар агенттиги менен “Алтынкен” коомунун ортосунда кызматташтык тууралуу келишимге кол коюлган. Бул келишимде аймакта биримдикти, тынчтыкты өз ара түшүнүшүүнү сактоодо тараптардын укуктары, милдеттери жана өз ара байланышты чыңдоого багытталган иш-чаралар белгиленген. Бул келишимдин негизинде “Алтынкен” коомунда жалпы жыйын өтүп, аталган документте каралган айыл, шаар аймактарынын социалдык долбоорлорун жүзөгө ашырууга каражат бөлүп берүү чечими катышуучулардын колдоосуна ээ болгон. Ага ылайык инвестор айыл өкмөттөрүнө, шаар мэриясына социалдык түзүмдөрдү жакшыртууга белгиленген график боюнча 1,336 млн. доллар бөлүп берүүгө милдеттенме алган жана бул жардам 2015-жылга чейин уланаары такталган.


Келишимге Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү менен кол коюлду

## Берилген жардам сезилээрлик

*Көл аймагындагы жай айларында болуп өткөн саясый акциялардын чыгышына “Кумтөр” комбинаты Ысык-Көлдү өнүктүрүү фондуна бөлүп берген каражатты пайдаланылышы боюнча маалыматтын жетишсиздиги да себепкер болду.*

Биз сөз кылып жаткан компания жана жергиликтүү бийликтин ортосунда түзүлгөн келишимде айкындуулук, ачыктык, убагында жетиштүү маалыматтарды элге жеткирип туруу маселеси да камтылган.

“Алтынкен” коому тарабынан аймакка бөлүнгөн каражаттар тууралуу маалыматтын биз айрым кыскартуулар менен берүүнү туура көрдүк.



Чым-Коргондогу маданият үйүнүн чатырын жаңылоо

## Чым-Коргондо маданият үйү оңдолду

*Өткөн жылдын аралыгында Чым-Коргон айыл өкмөтүнө 1,380 млн. сом, ушул жылдын алты айында 2,1 млн. сом долбоорлор боюнча бөлүнгөн.*

Айыл өкмөтү берген маалыматка ылайык бөлүнгөн каражат төмөндөгү иш-чараларды аткарууга жумшалган. Аймактагы эскилиги жеткен Маданият үйүнүн чатырын, терезелерин алмаштырууга, ичи-тышын оңдоого, А.Казакеев атындагы көчөнү, ичүүчү суу тармагын оңдоого, экскаватор алууга жана спорттук иш-чараларды өткөрүүгө сарпталган.

Учурда айыл өкмөтүнүн капчыгында дагы 1,9 млн. сом каражат топтолуп турат. Ал эми Кызыл-Октябрь айыл өкмөтү компаниянын 4,7 млн. сомун, Орловка мэриясы 3,1 млн. сомун, Жаңы-Алыш айыл өкмөтү 3,8 млн. сомун жергиликтүү тургундар маанилүү, зарыл деп чечкен долбоорлорго пайдаланышкан.

Компания тарабынан өткөн он айда жогоруда аталган жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын социалдык тармакка багытталган иш-чараларынга 15 миллион сомго жакын каражат бөлүп берген.

## Бир унций алтындан 7,5 доллар аймакка чегерилет

*Биз жогоруда аталган компаниянын каражат жардамынан тышкары “Алтынкен” “Кыргызалтын” акционердик коому менен биргелешкен кызматташуу тууралуу келишимине ылайык өндүрүлгөн ар бир унций алтындан 7,5 доллар Кемин районунун өнүгүү фондуна которулуп турмакчы.*

Эгерде комбинат толук кубаттуулукта иштеп жылына 3,5 тонна алтын өндүрүүгө жетишсе, райондун өнүгүү фондуна жылына 850 миң доллар же 40,5 млн. сом которулуп турат.

Алтын өндүргөнгө чейин аванс иретинде аталган фондго 2013-жылы 300 миң доллар же 14,4 млн. сом которуп берүү маселесин тараптар оң чечүүгө жетишти.

Техникалык экономикалык негиздемелерге ылайык комбинаттын курулушуна 210 млн. доллар сарпталат, июнь айынын аягына чейин 66,7 млн. доллар же болбосо үчтөн бири пайдаланылган. Учурда жер алдында руда алууга өткөөлдөрдү тазалоо жумуштары 60 пайызга аткарылды.

“Кыргыз Туусу” гезити республикадагы кен иштеткен ишканалар, ошондой эле “Алтынкен” комбинаты тууралуу маалыматтарды мындан ары да үзбөй берүүнү туура көрдү. Биздин республика үчүн маанилүү долбоорлор айкын, жалпы окурмандар үчүн жеткиликтүү болуш керек деген пикирибизден тайбайбыз.